DOI:10.26104/IVK.2019.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2022

*Файзуллаев Н.Ш., Сейталиев М.Е., Шаршеев Б.И.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ТАЖИК РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРАСЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

*Файзуллаев Н.Ш., Сейталиев М.Е., Шаршеев Б.И.*

# СТАНОВЛЕНИЕ И СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ ГОСУДАРСТВЕННОЙ ГРАНИЦЫ МЕЖДУ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКОЙ И РЕСПУБЛИКОЙ ТАДЖИКИСТАН

*N. Faizullaev, M. Seitaliev, B. Sharsheev*

# FORMATION AND CURRENT STATE OF THE STATE BORDER BETWEEN THE KYRGYZ REPUBLIC AND THE REPUBLIC OF TAZHIKISTAN

*УДК: 911.3:32(571.53)*

*Макалада Кыргызстандын чек аралык-аймактык проблемалары комплекстүү түрдө алгачкы жолу изилденген. Чек ара проблемаларын жөнгө салуу процессинин жүрүшү, андан сырткары чек ара талаштарынын келип чыгышы жана анын чек ара аймактарындагы райондордун социалдык-экономикалык абалына тийгизгин тасири анализденген. Чек араны тактоо иштери эл аралык макулдашуулардын жана эки тараптык келишимдердин негизинде, ийкемдүү дипломатияны пайдалануу аркылуу ишке ашыруу зарылдыгы тастыкталган. Изилдөөнүн объектиси – чек аралык-аймактык проблемалар жана Кыргызстандын чек ара саясаты эсептелинет. Изилдөөнүн предмети катары Кыргызстандын Тажикстан менен чек аралык-аймактык проблемаларын жөнгө салуу процесси алынды. Иштин максаты – Кыргызстандын азыркы мезгилдеги Тажикстан менен болгон чек ара проблемаларын изилдөө болуп саналат. Коюлган максатка ылайык төмөнкүдөй милдеттер аныкталды: 1. Кыргызстан менен Тажикстандын чек аралык-аймактык проблемалардын келип чыгышынын себептери жана алардын тарыхый өбөлгөлөрүн изилдөө; 2. Аймактык талаштардын аймактагы республикалардын өз ара мамилелерине тийгизген таасирин аныктоо; 3. Кыргызстандын Тажикстан менен чек ара маселелерин чечүү процессин анализдөө; 4. Чек аралык-аймактык маселелерди чечүү учурунда басым жасоо ыкмаларын колдонуунун кесепеттерин ачып берүү; 5. Аймактагы чек аралык-аймактык проблемаларды чечүү жолдорун иликтөө.*

***Негизги сөздөр:*** *чек ара, делимитация, демаркация, де-факто, де-юре, территория, эки тараптуу мамиле, кызматташтык, ратификация, анклав.*

*В статье впервые проведено комплексное исследование погранично-территориальных проблем постсоветского Кыргызстана. Проанализированы ход процесса пограничного урегулирования, а также истоки пограничных проблем и их влияние на социально-экономическую ситуацию в приграничных районах. Обоснована необходимость использования международных соглашений и договоров при уточнении границ с соседними государствами и гибкой дипломатии в решении пограничных проблем. Объект исследования - погранично-территориальные проблемы и пограничная политика Кыргызстана. Предметом исследования являются процессы урегулирования погранично-территориальных проблем Кыргызстана Таджикистаном. Цель исследования заключается в изучении пограничных проблем Кыргызстана Таджикистаном. В соответствии с целью определены следующие задачи: 1. Исследовать исторические предпосылки и причины возникновения погранично-территориальных проблем; 2. Определить влияние территориальных споров на взаимоотношения республик региона; 3. Проанализировать общий ход процесса пограничного урегулирования Кыргызстана с Таджикистаном; 4. Осветить последствия использования методов давления при решении погранично-территориальных разногласий; 5. Рассмотреть возможные пути решения погранично-территориальных проблем в регионе.*

***Ключевые слова:*** *граница, делимитация, демаркация, де-факто, де-юре, территория, двусторонние отношения, сотрудничество, ратификация, анклав.*

*In the article, for the first time, a comprehensive study of the border-territorial problems of post-Soviet Kyrgyzstan was carried out. The course of the process of border settlement was analyzed, as well as the origins of border problems and their impact on the socio-economic situation in the border regions. The necessity of using international agreements and treaties in clarifying borders with neighboring states and flexible diplomacy in solving border problems is substantiated. The object of the research is border-territorial problems and the border policy of Kyrgyzstan. The subject of the research is the processes of settlement of border-territorial problems of Kyrgyzstan by Tajikistan. The subject of the research is the processes of settlement of border-territorial problems of Kyrgyzstan by Tajikistan. The purpose of the study is to study the border problems of Kyrgyzstan with Tajikistan. In accordance with the goal, the following tasks are defined: 1. To explore the historical background and causes of the emergence of border-territorial problems; 2. Determine the impact of territorial disputes on the relations between the republics of the region; 3. To analyze the general course of the process of border settlement between Kyrgyzstan and Tajikistan; 4. Highlight the consequences of using methods of pressure in resolving border-territorial disputes; 5. To consider possible ways of solving border-territorial problems in the region.*

***Key words:*** *border, delimitation, demarcation, de facto, de jure, territory, bilateral relations, cooperation, ratification, enclave.*

Кыргыз Республикасынын Баткен облусунда Тажикстандын Ворух, Кайрагач, анклавдары жайгашкан. Аталган анклав жана чек араларга байланыштуу көйгөйлөр бүгүнкү күндүн эң актуалдуу темаларынын бири болуп саналат.

Тажикстандын ортосунда 70ке жакын такталбаган чек ара тилкелери бар. Дагы бир көйгөй жараткан маселе Лейлек районунун Максат айылы. Аталган айылдын айланасында Тажикстан тараптан «Сойломо

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



миграция» (ползучая миграция) маселеси өтө көйгөйлүү болуп, бир нече жер участкалары, турак жайлар Тажикстандын атуулдарына сатылып кеткен фактылар кездешүүдө. Бул бара-бара өтө чоң маселе жаратуучу көрүнүш.

Чек ара татаал маселе. Биз мунун укуктук жагын тактабай, алга жыла албайбыз.

Эл аралык чек араларды аныктоо иштери саясий, укуктук, географиялык шарттардын негизинде, чек ара тилкесинде жашаган элдин карым-катнашын эске алуу менен жүргүзүлөт. Бул иштин эң негизги максаты – чек ара сызыгын эки тараптуу макулдашып кабыл алуу менен эки мамлекеттин ортосундагы түбөлүк тынчтык мамилелерин түзүү. Мындай чоң максатка жетишүү үчүн чектеш мамлекеттер сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп, анын жүрүшүндө тарыхтан калган, же сүйлөшүү учурунда пайда болуучу чек ара маселелерин макулдашып чечиши зарыл.

Коңшу эки мамлекеттин макулдашуусу менен чек аранын ордун жана жүрүш багыттарын аныктап, аларды *делимитация* боюнча келишимге тиркелүүчү географиялык карталарга түшүрүү делимитация деп аталат. Чек аранын ордун так аныктоо үчүн география, картография жана геодезия илимдери чек ара тилкесиндеги жер бетинин түзүлүшү жөнүндө толук маалыматка ээ болушу керек. Чек ара тилкесинин орографиясы жана гидрографиясы боюнча маалыматтардын толуктугу жана сапаты делимитация жана демаркация иштерине колдонулуучу ири масштабдагы карталардын топонимикалык мазмунун, сапатын аныктайт.

Азыркы учурдагы делимитация иштеринин эң орчундуу жана аткарылышы жагынан эң оор маселелери – чек ара тилкесиндеги айрым жерлердин тиешелүүлүгүн аныктоо. Бул иштин татаалдыгы эки тараптын кызыкчылыктарын калыс негизде канааттандыруу керектиги менен байланышкан. Башкача айтканда, делимитация чек ара сызыгынын ордун тактап макулдашууну гана эмес, негизинен эки тараптын ортосундагы талаш жерлердин тагдырын чечүүнүталап кылат. Айрым учурларда, талаш жерлерде коңшу мамлекеттердин элдери ээлтен чарбалык иштерин жүргүзүп келгендигин көрөбүз. Чек ара тилкесиндеги талаш жерлердин тагдырын чечүүдө, сүйлөшүүчү тараптар делимитациянын натыйжасы ошол жердеги калктын социалдык-экономикалык абалына жана тилкедеги саясий кырдаалга тийгизүүчү таасирин да терең талдап, туура чечим кабыл алышы зарыл. Анткени, мындай жагдай чек аранын түбөлүктүүлүгүн аныктайт. Жалпысынан алганда, делимитациянын жыйынтыгы боюнча коңшу мамлекеттердин ортосунда кабыл алынган чек ара келишимдери, өлкөлөрдүн өз ара мамилелериңцеги тынчтык процессинин оң багытта өнүгүп жаткандыгын белгилеген тынчтык жөнүндөгү келишим катары кабыл алынат. Жыйынтыктап келгенде, бардык тарабынан делимитацияланган мамлекеттик чек ара ошол мамлекеттин эгемендүүлүгүн тааныткан фундаменталдык көрсөткүч болуп эсептелет. Эки тараптан корголгон чек ара өлкөнүн коопсуздугуна ишеничтүү кепил боло алат.

Кыргыз-тажик чек арасынын маселелерине 1924-1927-жылдардагы улуттук-аймактык чектөөлөрдүн татаал тарыхы чоң таасирин тийгизүүдө. Ал эми, андан кийинки көзөмөлсүз жүргөн чарба аралык чектешүүлөр, ансыз дагы жөнөкөй эмес чек ара маселелеринин чиеленишине өзүнүн чоң салымын кошуп турган [1].

1929-жылдын 5-декабрына чейин Тажикстан Республикасы автономиялуу республика катары Өзбек ССРинин курамында болгон. Ошондуктан, улуттук-аймактык чектөө учурунда жана андан кийинки чек ара тактоолорунда, 1929-жылга чейин Тажикстандын кызыкчылыгын Өзбек ССРи коргоп келген. Тажик ССРи уюшулганда, Кыргызстанга чектешкен жерлериндеги бардык чечиле элек талаш маселелери менен бирге, ага Ленинабад облусу кошулган эле.

1959-ж. мартында Тажик ССРинин Министрлер Совети № 99 телеграммасы менен Кыргыз ССРинин Министрлер Советине, 1958-жылдагы Паритеттүү комиссиянын протоколуна карата каршылыгыбыз жок деп кабарлаган. 1959-жылдын 17-мартында 3-паритеттүү комиссия иштеген. Ал комиссия, Кыргыз ССРинин Лейлек району менен ага чектеш жаткан, Тажик ССРинин Канибадам, Ленинабад, Пролетар, Нау, Ганч райондорунун чек арасын тактоо маселесин карап, бир беткей бүтүмгө келген [1].

Бул боюнча Протокол Ленинабад облустук Аткаруу комитетинин № 110 чечими менен 1959-жылдын 28-апрелинде бекиген.

Кыргыз ССРинин өкүлдөрү чек араны тактоонун негизи катары 1958-1959-жылдардагы паритеттүү комиссиялардын иштеринин макулдашылган кабыл алууну сунуш кылышкан. Комиссиянын чечимдери Тажик ССР Министрлер Совети жана Жогорку Совети тарабынан бекитилген эмес деген шылтоо айтып, Кыргызстандын сунушун кабыл албай койгон.

Өз кезегинде алар, 1924-1927-жылдардагы улуттук-аймактык чектөө учурунда аныкталган чек араны негиз кылып алууну сунуштады [1].

Чек ара маселелери боюнча сүйлөшүү жүргүзүүчү делегациялардын биринчи жолугушуусу 2002-жылдын декабрында Бишкекте өттү. Ошол кездел бери, эки тарап биргелешип, кыргыз-тажик мамлекеттик чек арасынын сызыгын жүргүзүүгө негиз болуучу укуктук жолдорду издөөнүн үстүндө [8].

Кыргыз Республикасы өзүнүн мамлекеттик чек арасын толугу менен эл аралык укуктун негизинде жөнгө салып бүтүшүнө дагы канча убакыт керек болорун азыр болжош кыйын. Ал, биринчи иретте, байыртадан берки коңшулары - Өзбекстан жана Та-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



жикстан менен мамлекет аралык чек араларын тактоо жана аныктоого байланыштуу көптөгөн татаал маселелерди чечиши зарыл. Акыркы он жылда Кыргызстан менен Тажикстандын чек арасында мамилелер оор сыноого түштү. Бир нече ирет ок атышуу менен коштолгон чек ара чатагы катталып, каза тапкандар, жаракат алгандар болду. Тараптар ар бир жаңжал сайын жолугушууларды өткөрүп, чек ара чатагын алдын алуу убадаларын бергени менен, чыр-чатак токтогон жок. 2019-жылы мамлекеттик чек ара тилкесинде ар кандай мүнөздөгү 16 чыр-чатак катталып, алардын басымдуу бөлүгү кыргыз-тажик чек арасында болуп өткөн.

**Кыргыз-тажик чек арасындагы 2021-жылдын 28-29-30-апрелдеги жана 1-майдагы чыр-чатактан улам Баткен облусунун Баткен районунун жана Лейлек районунун ондогон айылы жабыр тартты, үйлөр жана башка объектилер өрттөндү, 30дан ашуун киши мерт болду. 150дөн көп адам жараат алды. Жалпы жонунан 20 миңден ашуун киши эвакуацияланды** [9].

«Ак-Сай-Ворух» деген өзү проблемалуу жер калк жыш жайгашкан жана айылдар бири-бири менен улагалаш. Көк-Таш, Таш-Тумшук ушундай жерлер. Жаңжалдар тактала элек тилкелерге кайсыл бир тарап өз алдынча курулуш баштап жибергенден тутанып жатты. Айрым талдоочулар Тажикстан Ворухка коридор алууну көздөйт деп болжойт. Тилекке каршы, бул жолу дагы аягы көрүнбөгөн чек ара маселеси чечилбей калды.

2022-жылдын 7-апрелинде Бишкекте КМШга мүчө мамлекеттердин чек ара ведомстволорунун жетекчилеринин VI аймактык кеңешмеси болуп өттү. Кеңешменин жыйынтыгында протоколго кол коюлган. Андагы сунуштар 2022-жылдын 18-майында Казакстандын Түркстан шаарында талкууланмакчы [10].

**Адабияттар:**


1. Аламанов С.К. Кыргызстандын мамлекеттик чек арасынын калыптанышы. - Б., 2005. - 86 б.
2. Бейшембиев Э.Дж. Вопросы делимитации и демаркации государственной границы между Кыргызстаном и Таджикистаном (1920-2013 гг.). - Б., 2013.
3. Сатылганова Н.А. Из истории территориально-пограничных проблем в Центральной Азии [Текст] / Н.А. Сатылганова. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2015. - №7. - С. 61-65.
4. Сатылганова Н.А. Проблемы формирования государственной границы Кыргызстана в постсоветский период [Текст] / Н.А. Сатылганова // Научная дискуссия: вопросы социологии, политологии, философии, истории. - Москва, 2016. - №6(46). - С. 61-68.
5. Сатылганова Н.А. Азыркы кездеги кыргыз-тажик аймактык чек ара маселелери [Текст] / Н.А. Сатылганова // Ош МУнун жарчысы. - Ош, 2017. - №1. - С. 175-181.
6. Сатылганова Н.А. Особенности межгосударственных ограничных противоречий между странами Центральной Азии [Текст] / Н. А. Сатылганова. / Вопросы гуманитарных наук. Москва, 2018. - № 2. - С. 75-78.
7. Сатылганова Н.А. Современные погранично-территориальные проблемы между государствами Центральной Азии [Текст] / Н.А. Сатылганова. / Вопросы гуманитарных наук. - Москва, 2018. - №2. - С. 78-81.
8. Мезгилдүү басма сөз каражаттарынан топтолгон маалыматтар.
9. https://rus.azattyq.org/a/central-asia-border-conflict/30613530.html
10. https://cabar.asia/ru/territorialnye-spory-v-tsentralnoj-azii-na-poroge-30-letiya-nezavisimosti